| | |
|---|---|
| [А-2026-0002](#)<br>*(Документтин шифри)*<br>28<br>*(Беттин саны)*<br>10.06.2026<br>*(Бекитилген датасы)* | **Ош мамлекеттик университети**<br>**АКАДЕМИЯЛЫК САЯСАТЫ**<br>**“Ош мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө” жобо** |

**ОшМУнун ректорунун №2964-ФХД/24 (10.06.2026) буйругу менен БЕКИТИЛДИ**

**“Ош мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө”**
**ЖОБО**

**2026-жыл**

| | |
|---|---|
| [А-2026-0002](#)<br>*(Шифр документа)*<br>28<br>*(Количество страниц)*<br>10.06.2026<br>*(Дата утверждения)* | **Ошский государственный университет**<br>**АКАДЕМИЧЕСКАЯ ПОЛИТИКА**<br>**Положение “Об итоговой государственной аттестации выпускников Ошского государственного университета”** |

**УТВЕРЖДЕНО приказом ректора ОшГУ №2964 ФХД/26 от 10.06.2026**

**ПОЛОЖЕНИЕ**
**«Об итоговой государственной аттестации выпускников Ошского государственного университета»**

**2026 год**

## ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | “Ош мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө” жобо |
| Документтин теги | ОшМУнун академиялык саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилген күнү | ОшМУнун административдик кеңешинин 2026-жылдын 24-апрелиндеги отурумунда талкууланып, жактырылып, № 23 протоколу менен бекитүүгө сунушталган. 2026-жылдын 4-июнундагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин № 8 чечими менен кабыл алынган, ОшМУнун ректорунун №2964-ФХД/26 (10.06.2026) буйругу менен бекитилген. |
| Документтин шифри | А-2026-0002 |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул документ ОшМУда ЖКББ/ОКББ билим берүү программаларынын бүтүрүүчүлөрүнө жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны уюштуруу тартибин аныктайт.<br>Жобо университеттин академиялык саясатынын документи болуп эсептелинет. |

## ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ


| | |
|---|---|
| Ченемдик документтин паспорту | 2 |
| 1. Жалпы жоболор | 3 |
| 2. Жыйынтыктоочу аттестациялык сынактын түрлөр | 4 |
| 3. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиялары | 7 |
| 4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү тартиби | 9 |
| 5. Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолорду киргизүү | 15 |
| 6. Тиркемелер | 16 |


## ПАСПОРТ НОРМАТИВНОГО ДОКУМЕНТА

| | |
|---|---|
| Название документа | Положение “Об итоговой государственной аттестации выпускников Ошского государственного университета” |
| Тег документа | Академическая политика ОшГУ |
| Тип документа | Положение |
| Дата утверждения | Обсуждено и одобрено на заседании административного совета ОшГУ 24 апреля 2026 года, рекомендовано к утверждению протоколом №23. Принят решением №8 Ученого совета ОшГУ от 4 июня 2026 года , утвержден приказом №2964-ФХД/26 от 10.06.2026. |
| Шифр документа | А-2026-0002 |
| Аннотация документа | Настоящий документ определяет порядок организации итоговой государственной аттестации выпускников образовательных программ ВПО/СПО ОшГУ.<br>Положение считается документом академической политики университета. |

## СОДЕРЖАНИЕ ДОКУМЕНТА


| | |
|---|---|
| Паспорт нормативного документа | 2 |
| 1. Общие по ожения | 3 |
| 2. Виды итоговых аттестационных испытаний | 4 |
| 3. Государственные аттестационные комиссии | 7 |
| 4. Порядок проведения итоговой государственной аттестации | 9 |
| 5. Внесение изменений и дополнений в Положение | 15 |
| 6. Прило жения (изложены на кыргызском язык ) | 16 |

| **1. Жалпы жоболор** | **1. Общие положения** |
|---|---|
| 1.1. Жогорку/орто кесиптик билим берүү (мындан ары – ЖКББ/ОКББ) программаларын өздөштүрүү милдеттүү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо менен аяктайт. | 1.1. Освоение образовательных программ высшего/среднего профессионального образования (ВПО/СПО) завершается обязательной итоговой государственной аттестацией выпускников. |
| 1.2. Ош мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) окутуунун бардык формалары боюнча жогорку/орто кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүп жаткан бүтүрүүчүлөргө карата колдонулат. | 1.2. Положение “Об итоговой государственной аттестации выпускников Ошского государственного университета” (далее – Положение) распространяется на выпускников, обучающихся по всем формам получения высшего/среднего профессионального образования. |
| 1.3. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун максаты бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүккө даярдык деңгээлин жана алардын даярдыгынын жогорку/орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана/же ОшМУ тарабынан бекитилген билим берүү программаларынын талаптарына шайкештигин аныктоо болуп саналат. | 1.3. Целью итоговой государственной аттестации является определение уровня готовности выпускников к профессиональной деятельности и соответствия их подготовки требованиям государственных образовательных стандартов (ВПО/СПО), либо образовательных стандартов, утвержденных Ошским государственным университетом. |
| 1.4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация аккредитацияланган ЖКББ/ОКББ багыттары жана адистиктери боюнча уюштурулат.<br><br>Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан өтүүгө мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана/же ОшМУ тарабынан бекитилген билим берүү программаларынын талаптарына ылайык окуу планын толук көлөмдө ийгиликтүү өздөштүргөн бүтүрүүчүлөргө уруксат берилет.<br>Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын бардык белгиленген түрлөрүн ийгиликтүү тапшырган бүтүрүүчүгө тиешелүү квалификация | 1.4. Итоговая государственная аттестация проводится по аккредитованным направлениям подготовки и специальностям ВПО/СПО.<br>К прохождению итоговой государственной аттестации допускаются выпускники, успешно освоившие в полном объёме учебный план в соответствии с требованиями государственных образовательных стандартов и (или) образовательных стандартов, утверждённых Ошским государственным университетом.<br>Выпускнику, успешно прошедшему все установленные виды итоговой государственной аттестации, присваивается |

| | |
|---|---|
| ыйгарылып, мамлекеттик үлгүдөгү жогорку/орто кесиптик билими жөнүндө диплом берилет. | соответствующая квалификация и выдается диплом государственного образца о высшем или среднем профессиональном образовании. |
| 1.5. Аккредитациядан өтпөгөн ЖКББ/ОКББ уюмдарында окуган же окуусун аяктаган бүтүрүүчүлөр тиешелүү багыт же адистик боюнча ОшМУда аккредитацияланган билим берүү программасы болгон учурда, билим берүү уюмунун сунуштамасынын негизинде ОшМУда жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан өтө алышат. | 1.5. Выпускники, обучающиеся или завершившие обучение в организациях ВПО/СПО, не прошедших аккредитацию, могут пройти итоговую государственную аттестацию в ОшГУ при наличии аккредитованной образовательной программы по соответствующему направлению подготовки или специальности на основании рекомендации образовательной организации. |
| 1.6. Ушул Жобо төмөнкү укуктук актылардын негизинде иштелип чыккан:<br>- “Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө” жобо (токтом “ 258, 22.05.2026);<br>- “Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө” жобо (токтом “ 258, 22.05.2026);<br>- “Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын билим алуучуларын учурдагы контролдоо жана орто аралык аттестациялоо жөнүндө” жобо (№ 590 токтом, 27.09.2024);<br>- Ош мамлекеттик университетинин Уставы;<br>- “ОшМУда окуу процессин уюштуруу жөнүндө” жобо.<br>Жобо Ош мамлекеттик университетинде жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартибин аныктайт. | 1.6. Настоящее Положение разработано на основании следующих нормативных правовых актов:<br>- Положение Об итоговой государственной аттестации выпускников образовательных организаций высшего профессионального образования Кыргызской Республики (постановление № 258 от 22.05.2024);<br>- Положение Об итоговой государственной аттестации выпускников образовательных организаций среднего профессионального образования Кыргызской Республики (постановление № 258 от 22.05.2024);<br>Положение “О проведении текущего контроля и промежуточной аттестации обучающихся образовательных организаций высшего профессионального образования Кыргызской Республики” (постановление № 590 от 27.09.2024);<br>- Устав Ошского государственного университета;<br>- Положение «Об организации учебного проесса в ОшГУ».<br>Настоящее Положение определяет порядок организации и проведения итоговой государственной аттестации в Ошском государственном университете. |
| **2. Жыйынтыктоочу аттестациялык сынактын түрлөрү** | **2. Виды итоговых аттестационных испытаний** |
| 2.1. ОшМУнун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун аттестациялык сынактарынын түрлөрүнө төмөнкүлөр кирет:<br>1. Бүтүрүүчү квалификациялык/дипломдук ишти/долбоорду (магистрдик диссертацияны) коргоо (ЖКББ/ОКББ); | 2.1. К видам аттестационных испытаний итоговой государственной аттестации выпускников ОшГУ относятся:<br>1. Защита выпускной квалификационной/дипломного работы/ проекта (магистерской диссертации) (ВПО/СПО); |

| | |
|---|---|
| 2. Мамлекеттик экзамен (ЖКББ);<br>3. Өзүнчө дисциплина боюнча жыйынтыктоочу экзамен (ОКББ);<br>4. Адистик боюнча жыйынтыктоочу дисциплиналар аралык экзамен (ОКББ).<br>Милдеттүү жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардын тизмеси жогорку/орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын же ОшМУ тарабынан бекитилген билим берүү стандарттардын талаптары менен аныкталат. | 2. Государственный экзамен (ВПО);<br>3. Итоговый экзамен по отдельной дисциплине (СПО);<br>4. Итоговый междисциплинарный экзамен по специальности (СПО).<br>Перечень обязательных аттестационных испытаний итоговой государственной аттестации определяется требованиями государственных образовательных стандартов высшего и среднего профессионального образования или образовательных стандартов утвержденных ОшГУ. |
| 2.2. Бүтүрүүчү квалификациялык иштер ЖКББ/ОКББ тиешелүү деңгээлине ылайык төмөнкү формаларда аткарылат:<br>1. Бакалавр квалификациясы үчүн – квалификациялык иш формасында;<br>2. Адис квалификациясы үчүн – дипломдук же квалификациялык иш (долбоор) формасында;<br>3. Магистр квалификациясы үчүн – магистрдик диссертация формасында. | 2.2. Выпускные квалификационные работы выполняются в следующих формах в соответствии с соответствующим уровнем ВПО/СПО:<br>1. Для квалификации бакалавра – в форме выпускной квалификационной работы;<br>2. Для квалификации специалиста – в форме дипломной или выпускной квалификационной работы (проекта);<br>3. Для квалификации магистра – в форме магистерской диссертации. |
| 2.3. ОшМУнун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун аттестациялык сынактарынын түрлөрү, бүтүрүүчү квалификациялык иштерди аткаруунун шарттары жана мөөнөттөрү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын же ОшМУ тарабынан бекитилген билим берүү стандарттарынын талаптарынын негизинде белгиленет. | 2.3. Виды аттестационных испытаний итоговой государственной аттестации выпускников ОшГУ, условия и сроки выполнения выпускных квалификационных работ устанавливаются на основании требований государственных образовательных стандартов или образовательных стандартов, утвержденных ОшГУ. |
| 2.4. Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин темалары кафедра/бөлүм башчылары жана предметтик-циклдик комиссиялардын төрагалары тарабынан аныкталат жана ректордун буйругу менен бекитилет.<br>Студентке бүтүрүүчү квалификациялык иштин темасын тандоо укугу берилет. Студент өзүнүн темасын сунуштай алат, мындай учурда сунушталган теманын актуалдуулугу жана максатка ылайыктуулугу боюнча негиздеме берилүүгө тийиш.<br>Бүтүрүүчү квалификациялык ишти даярдоо үчүн бүтүрүүчүгө илимий | 2.4. Темы выпускных квалификационных работ определяются заведующими кафедрами/отделениями и председателями предметно-цикловых комиссий и утверждаются приказом ректора.<br>Студенту предоставляется право выбора темы выпускной квалификационной работы. Студент также вправе предложить собственную тему, при этом должна быть представлена обоснованность её актуальности и целесообразности.<br>Для выполнения выпускной квалификационной работы студенту |

| | |
|---|---|
| жетекчи дайындалат.<br>Өндүрүштүк зарылчылыкка байланыштуу сунушталган бүтүрүүчү квалификациялык иштердин темалары бүтүрүүчү окуу жылына чейинки окуу жылдын апрель-май айларында (*мисалы, 4 жылдык күндүзгү бакалавриат үчүн үчүнчү окуу жылынын аягында*) экспертизадан өткөрүлөт, тиешелүү окуу түзүмдөрүнүн окумуштуулар (педагогикалык) кеңештеринде каралат, декандын/директордун сунуштамасынын негизинде бекитүүгө сунушталат жана ректордун буйругу менен бекитилет.<br>Бүтүрүүчү квалификациялык ишти аткаруу, антиплагиаттан өткөрүү “Бүтүрүүчү квалификациялык жумуштар жөнүндө” жобонун негизинде ишке ашырылат жана аларды рецензиялоо квалификациясы корголуп жаткан иштин профилине ылайык келген ички адистер тарабынан жүргүзүлөт. | назначается научный руководитель.<br>В связи с производственной необходимостью предложенные темы выпускных квалификационных работ подлежат экспертизе в апреле–мае учебного года, предшествующего выпускному (*например, для 4-летней очной программы бакалавриата – в конце третьего учебного года*). Темы рассматриваются на заседаниях ученых (педагогических) советов соответствующих учебных структур, утверждаются к представлению на основании рекомендаций декана/директора и утверждаются приказом ректора.<br>Выполнение выпускной квалификационной работы, проверка на антиплагиат осуществляется в соответствии с Положением «О выпускных квалификационных работах», а их рецензирование проводится внутренними специалистами, профиль которых соответствует направлению защищаемой работы. |
| 2.5. Магистрдик диссертациялардын темалары жана магистранттардын илимий жетекчилери окуунун биринчи жылынын алгачкы эки айы ичинде экспертизадан өткөрүлөт, тиешелүү окуу түзүмдөрүнүн окумуштуулар (педагогикалык) кеңештеринде каралат жана декандын/директордун сунуштамасынын негизинде бекитүүгө сунушталат.<br>Сунушталган темалар ОшМУнун академиялык иштер боюнча жооптуу жетекчиси тарабынан жалпыланат жана тиешелүү билдирүүнүн негизинде ректордун буйругу менен бекитилет.<br>Магистрдик диссертациялар “Магистрдик диссертация жөнүндө” жобого ылайык аткарылат, антиплагиаттык текшерүүдөн өткөрүлөт жана рецензиялоо профили туура келген тышкы эксперттер тарабынан жүргүзүлөт. | *2.5.* Темы магистерских диссертаций и научные руководители магистрантов подлежат экспертизе в течение первых двух месяцев первого года обучения, рассматриваются на заседаниях ученых (педагогических) советов соответствующих учебных структур и по представлению декана/директора выносятся на утверждение.<br>Предложенные темы обобщаются руководителем, ответственным за академическую деятельность в ОшГУ, и утверждаются приказом ректора на основании соответствующего представления.<br>Магистерские диссертации выполняются в соответствии с Положением «О магистерской диссертации», проходят проверку на антиплагиат, а их рецензирование осуществляется внешними экспертами, профиль которых соответствует направлению подготовки. |
| 2.6. Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин темаларын экспертизадан өткөрүүгө (темалардын актуалдуулугу жана кайталанбоосун аныктоого) тиешелүү түзүмдүн жетекчиси жооптуу болот. | 2.6. Ответственность за проведение экспертизы тем выпускных квалификационных работ (определение их актуальности и недопущение повторяемости) возлагается на руководителя |

| | |
|---|---|
| | соответствующего структурного подразделения. |
| 2.7. Өндүрүштүк зарылчылыкка байланыштуу квалификациялык иштердин жана магистрдик диссертациялардын темаларын кайра бекитүү же өзгөртүү бүтүрүү ишин коргоого чейин кеминде үч ай мурда жүргүзүлүүгө тийиш. Илимий жетекчинин макулдугу менен же анын жумуштан бошогон (кеткен) учурда гана алмаштыруу мүмкүн. | 2.7. В связи с производственной необходимостью изменение или повторное утверждение тем выпускных квалификационных работ и магистерских диссертаций должно осуществляться не позднее чем за три месяца до защиты выпускной работы. Замена возможна только при согласии научного руководителя или в случае его увольнения (выбытия). |
| 2.8. Окутуудан күтүлүүчү натыйжаларды баалоо максатында тиешелүү билим берүү багыттары жана адистиктери боюнча окуу-методикалык кеңештердин сунуштамаларын эске алуу менен **жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялык сынактардын программалары** жана баалоо критерийлери тиешелүү жумушчу топ тарабынан иштелип чыгат, академиялык иштер боюнча жооптуу түзүмдүн жетекчиси менен макулдашылат жана окуу иштери боюнча проректор тарабынан бекитилет. | 2.8. В целях оценки ожидаемых результатов обучения **программы итоговых государственных аттестационных испытаний** и критерии оценивания по соответствующим направлениям подготовки и специальностям разрабатываются рабочей группой с учетом рекомендаций учебно-методических советов, согласовываются с руководителем структуры, ответственной за академическую деятельность,, и утверждаются проректором по учебной работе. |
| 2.9. Аттестациялык сынактарда билимди баалоо “ОшМУда студенттердин билимин баалоонун модулдук-баллдык рейтингдик системасы жөнүндө” жобонун негизинде жүргүзүлөт. | 2.9. Оценивание знаний на аттестационных испытаниях осуществляется на основании Положения «О модульной балльно-рейтинговой системе оценки знаний студентов в ОшГУ». |
| **3. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиялары** | **3. Государственные аттестационные комиссии** |
| 3.1. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиялары өз ишинде Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарын, ушул Жобону, ЖКББ/ОКББнын мамлекеттик билим берүү стандарттарын, ОшМУ тарабынан бекитилген билим берүү стандарттарын жана ОшМУда иштелип чыккан окуу-методикалык документтерди жетекчиликке алат. | 3.1. Государственные аттестационные комиссии в своей деятельности руководствуются законодательством Кыргызской Республики в сфере образования, настоящим Положением, государственными образовательными стандартами ВПО/СПО, образовательными стандартами, утвержденными ОшГУ, а также учебно-методическими документами, разработанными в ОшГУ. |
| 3.2. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын негизги функциялары болуп төмөнкүлөр саналат:<br>- бүтүрүүчүлөрдүн даярдык деңгээлинин мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына жана бекитилген билим берүү программалары боюнча окутуудан күтүлүүчү натыйжаларга | 3.2. Основными функциями государственной аттестационной комиссии являются:<br>- определение соответствия уровня подготовки выпускников требованиям государственных образовательных стандартов и ожидаемым результатам обучения по утвержденным |

| | |
|---|---|
| шайкештигин аныктоо;<br>- жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы боюнча квалификация ыйгаруу жана бүтүрүүчүгө жогорку/орто кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплом берүү жөнүндө чечим кабыл алуу;<br>- мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын ишинин жыйынтыгы боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын жогорулатууга багытталган сунуштарды иштеп чыгуу. | образовательным программам;<br>- принятие решения о присвоении квалификации по результатам итоговой государственной аттестации и выдаче выпускнику диплома государственного образца о высшем/среднем профессиональном образовании;<br>- разработка рекомендаций, направленных на повышение качества подготовки выпускников по итогам работы государственной аттестационной комиссии. |
| 3.3. Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо үчүн ОшМУ тарабынан ар бир билим берүү багыты (профили) жана адистиги боюнча мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын курамы бекитилет.<br>Бир билим берүү программасы боюнча бир нече мамлекеттик аттестациялоо комиссиялары түзүлүшү мүмкүн.<br>Мамлекеттик аттестациялоо комиссиялары бир календардык жыл ичинде иш алып барат. | 3.3. Для проведения итоговой государственной аттестации выпускников в ОшГУ по каждому направлению подготовки (профилю) и специальности утверждается состав государственной аттестационной комиссии.<br>По одной образовательной программе может быть создано несколько государственных аттестационных комиссий.<br>Государственные аттестационные комиссии осуществляют свою деятельность в течение одного календарного года. |
| 3.4. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясы иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүнүн (ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын адистеринин), ошондой эле ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынан 5 адамдан кем эмес санда түзүлөт.<br>Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын курамындагы иш берүүчүлөрдүн саны комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын 2/3 бөлүгүнөн кем болбоого тийиш. | 3.4. Государственная аттестационная комиссия формируется из числа представителей работодателей (специалистов предприятий, учреждений и организаций), а также профессорско-преподавательского состава ОшГУ в количестве не менее 5 человек.<br>Количество представителей работодателей в составе государственной аттестационной комиссии должно составлять не менее 2/3 от общего числа членов комиссии. |
| 3.5. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын курамына институттардын, факультеттердин, жогорку мектептердин жана колледждердин директорлору/декандары, алардын орун басарлары, кафедралардын/бөлүмдөрдүн башчылары, предметтик-циклдик комиссиялардын төрагалары, административдик-башкаруу персоналынын өкүлдөрү жана билим берүү уюмунун жетекчилиги киргизилбейт. | 3.5. В состав государственной аттестационной комиссии не включаются директора институтов, деканы факультетов, руководители высших школ и колледжей, их заместители, заведующие кафедрами/отделениями, председатели предметно-цикловых комиссий, представители административно-управленческого персонала, а также руководство образовательной организации. |
| 3.6. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясын тиешелүү профилдеги | 3.6. Государственную аттестационную комиссию возглавляет |

| | |
|---|---|
| бүтүрүүчүлөр үчүн потенциалдуу иш берүүчү болуп саналган ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын өкүлдөрүнүн ичинен төрага жетектейт, ал эми алар жок болгон учурда ушул профилдеги/адистиктеги илимдин доктору же илимдин кандидаты жетектейт. Төрага ОшМУнун кызматкери болбоого тийиш. Бир эле адам катары менен эки жылдан ашык мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын төрагасы боло албайт.<br>Төрага мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын ишин уюштурат жана көзөмөлдөйт, ошондой эле бүтүрүүчүлөргө коюлуучу талаптардын бирдей болушун камсыз кылат.<br>Деканат/дирекция ар бир даярдоо багыты жана/же адистик боюнча мамлекеттик аттестациялоо комиссияларынын төрагаларынын маалымат базасын жүргүзүшөт. База деканат/дирекциянын сайтына жүктөлөт. | председатель из числа представителей предприятий, учреждений и организаций, являющихся потенциальными работодателями выпускников соответствующего профиля. При их отсутствии председателем назначается доктор или кандидат наук по соответствующему профилю/специальности. Председатель не должен являться сотрудником ОшГУ. Одно и то же лицо не может быть председателем государственной аттестационной комиссии более двух лет подряд.<br>Председатель организует и контролирует работу государственной аттестационной комиссии, а также обеспечивает единообразие требований к выпускникам.<br>Деканат/дирекция ведет базу данных председателей государственных аттестационных комиссий по каждому направлению подготовки и/или специальности. Данная база размещается на сайте деканата/дирекции. |
| 3.7. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын курамы боюнча сунуштар институттардын, факультеттердин, жогорку мектептердин жана колледждердин директорлору/декандары тарабынан берилет.<br>Сунуштар академиялык иштер боюнча жооптуу түзүм тарабынан жалпыланып, ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине кароого сунушталат жана анын чечиминин негизинде ректордун буйругу менен бекитилет.<br>Мамлекеттик аттестациялоо комиссияларынын техникалык катчылары академиялык иштер боюнча жооптуу түзүмдүн сунушу менен ректордун буйругу аркылуу бекитилет.<br>Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн арызынын же тиешелүү иш-кагаздын негизинде курамды алмаштыруу боюнча маселе ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралат. | 3.7. Предложения по составу государственной аттестационной комиссии представляются директорами/деканами институтов, факультетов, высших школ и колледжей.<br>Указанные предложения обобщаются структурой, ответственной за академическую деятельность, и выносятся на рассмотрение Ученого совета ОшГУ. На основании его решения состав утверждается приказом ректора.<br>Технические секретари государственных аттестационных комиссий утверждаются приказом ректора по представлению структуры, ответственной за академическую деятельность.<br>Вопрос о замене состава государственной аттестационной комиссии на основании заявления членов комиссии или соответствующих служебных документов рассматривается на Ученом совете ОшГУ. |
| **4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү тартиби** | **4. Порядок проведения итоговой государственной аттестации** |
| 4.1. ОшМУда жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация оффлайн режиминде өткөрүлөт.<br>Өзгөчө кырдаал/өзгөчө абал режиминин шарттарында Кыргыз | 4.1. В Ошский государственный университет итоговая государственная аттестация проводится в очном (офлайн) формате.<br>В условиях режима чрезвычайной ситуации/чрезвычайного |

| | |
|---|---|
| Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 26-июнундагы № 354 "Аралыктан билим берүү технологиясын колдонууну жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуунун тартибине ылайык аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен онлайн режиминде бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүүгө жол берилет. | положения допускается проведение итоговой государственной аттестации выпускников в режиме онлайн с применением дистанционных образовательных технологий в соответствии с Порядком применения дистанционных образовательных технологий при реализации образовательных программ, утвержденным постановлением Правительства Кыргызской Республики "Об утверждении нормативных правовых актов, регулирующих применение дистанционных образовательных технологий" от 26 июня 2014 года № 354. |
| 4.2. Мамлекеттик аттестациялык сынактар ушул Жобого ылайык уюштурулат жана билим алуунун бардык формаларындагы бүтүрүүчүлөргө жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация башталганга чейин кеминде алты ай мурда маалымдалат.<br><br>Бүтүрүүчүлөр мамлекеттик аттестациялык сынактардын программалары менен камсыздалат, консультациялар (обзордук лекциялар) өткөрүлөт жана даярдык үчүн тиешелүү шарттар түзүлөт.<br>Консультациялардын (обзордук лекциялардын) графиги жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын графиги академиялык календарга ылайык бекитилет. | 4.2. Порядок проведения государственных аттестационных испытаний разрабатывается образовательной организацией ВПО на основании настоящего Положения и доводится до сведения выпускников всех форм получения образования не позднее, чем за полгода до начала итоговой государственной аттестации.<br>Выпускники обеспечиваются программами государственных экзаменов, им создаются необходимые для подготовки условия, проводятся консультации (обзорные лекции).<br>Графики консультаций (обзорных лекций и итоговой государственной аттестации утверждается согласно академического календаря |
| 4.3. Бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоо (жабык тематикадагы иштерди кошпогондо) мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын ачык жыйынында, комиссия курамынын үчтөн экисинен (2/3) кем эмес мүчөлөрүнүн катышуусу менен өткөрүлөт. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын ар бир жыйынынын узактыгы күнүнө 6 сааттан ашпоого тийиш.<br>Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын жыйынтыктары ОшМУнун баалоо шкаласына ылайык баллдык система менен бааланып, тиешелүү "эӊ жакшы", "жакшы", канааттандырарлык", "канааттандырарлык эмес" деген бааларга которулат жана Комиссиянын жыйындарынын протоколдору белгиленген тартипте (1-2-3-тиркемелер) | 4.3. Защита выпускной квалификационной работы (за исключением работ по закрытой тематике) проводится на открытом заседании государственной аттестационной комиссии с участием не менее двух третей ее состава. Продолжительность каждого заседания государственной аттестационной комиссии не должна превышать 6 часов в день.<br>Результаты итоговой государственной аттестации оцениваются в балльной системе в соответствии со шкалой оценивания ОшГУ и переводятся в соответствующие оценки: «отлично», «хорошо», «удовлетворительно», «неудовлетворительно». После оформления протоколов заседаний комиссии в установленном порядке |

| | |
|---|---|
| таризделгенден кийин ошол эле күнү жарыяланат.<br>Студенттердин/магистранттардын баалары техникалык катчы тарабынан аттестациялык ведомостко жана электрондук билим берүү системага жүктөлөт (4-тиркеме). | (приложения 1,2,3) результаты объявляются в тот же день.<br>Оценки студентов/магистрантов вносятся техническим секретарем в аттестационную ведомость и загружаются в электронную образовательную систему (Приложение 4). |
| 4.4. Мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер үчүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны тапшырууда өзүнчө шарттар түзүлүшү мүмкүн, анын ичинде техникалык жардам көрсөтүү, кошумча убакыт берүү ж.б. | 4.4. Для студентов с ограниченными возможностями здоровья при прохождении итоговой государственной аттестации могут быть созданы специальные условия, включая предоставление технической помощи, дополнительного времени и другие меры. |
| 4.5. Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын же ОшМУ тарабынан бекитилген билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык окуу программасын толук көлөмдө өздөштүргөн студенттер жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизилет. | 4.5. К итоговой государственной аттестации допускаются студенты, полностью освоившие образовательную программу в соответствии с требованиями государственных образовательных стандартов или образовательных стандартов, утвержденных ОшГУ. |
| 4.6. Бүтүрүүчүгө тиешелүү квалификация ыйгаруу жана мамлекеттик үлгүдөгү диплом берүү жөнүндөгү чечим мамлекеттик аттестациялык комиссиясы тарабынан жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын оң жыйынтыктарынын негизинде кабыл алынат жана протокол менен таризделет.<br>Комиссиянын чечимдери төраганын же аны алмаштырган адамдын милдеттүү катышуусу менен, жабык жыйында көпчүлүк добуш аркылуу кабыл алынат. Добуштар тең болгон учурда төраганын добушу чечүүчү болуп эсептелет. | 4.6. Решение о присвоении соответствующей квалификации и выдаче диплома государственного образца принимается государственной аттестационной комиссией на основании положительных результатов итоговой государственной аттестации и оформляется протоколом.<br>Решения комиссии принимаются на закрытом заседании при обязательном участии председателя или лица, его заменяющего, большинством голосов. В случае равенства голосов решающим является голос председателя. |
| 4.7. Бардык экзамендерди “**эң жакшы**”, **“жакшы”** деген бааларга тапшырган жана окуунун бардык мезгилинде жетишүүнүн орточо **баллы 3,75тен төмөн эмес** (GPA – Grade Point Average) болгон, ошондой эле бардык мамлекеттик аттестациялык сынактарды **“эң жакшы”** деген баага тапшырган, бүтүрүүчү квалификациялык ишти **“эң жакшы”** деген баага жактаган бүтүрүүчүгө **артыкчылыгы менен диплому** берилет (аскердик даярдык боюнча бааны эске албастан). Бардык окуу мезгилиндеги студенттин орточо баллы дипломдун тиркемесинде көрсөтүлөт. | 4.7. Выпускнику, сдавшему все экзамены на оценки **«отлично» и «хорошо»**, имеющему средний балл успеваемости за весь период обучения **не ниже 3,75** (GPA – Grade Point Average), а также сдавшему все государственные аттестационные испытания на оценку **«отлично»** и защитившему выпускную квалификационную работу на оценку **«отлично»**, выдается диплом с отличием (без учета оценки по военной подготовке).<br>Средний балл студента за весь период обучения указывается в приложении к диплому. |
| 4.8. Орто кесиптик билим берүү программасына 9-класстын базасында | 4.8. Для выпускника программы среднего профессионального |

| | |
|---|---|
| кабыл алынып окуган бүтүрүүчүгө **артыкчылык диплом** берүү үчүн 4.7-пунктуна кошумча анын биринчи окуу жылындагы окуган бардык дисциплиналары боюнча жыйынтык баалары **“эң жакшы”** болууга тийиш. | образования, поступившего на базе 9 класса, для получения **диплома с отличием**, дополнительно требований, указанных в пункте 4.7 настоящего Положения, необходимо наличие итоговых оценок **«отлично»** по всем дисциплинам первого года обучения. |
| 4.9. **Артыкчылык дипломун** алуу үчүн жакшы бааны **(“жакшы”** деген баа гана) жогорулатуу максатында экзамендерди факультеттин (институттун, жогорку мектептин, колледждин) жетекчисинин негиздүү (жүйөлүү) сунушу боюнча жана **эки дисциплинадан ашык эмес** кайра тапшырууга окуунун бүтүрүүчү жылында гана уруксат берилет. Экзамендерди мындай кайра тапшыруу боюнча бардык маселелер билим берүү уюмунун **мамлекеттик аттестациялык комиссиясынын жыйыны башталганга чейин кеминде бир ай мурда** чечилүүгө тийиш.<br>Эгерде жыйынтык текшерүү “зачет” түрүндө болуп, 100 баллдык система менен бааланса, артыкчылык дипломун алуу үчүн “зачет” үчүн алган балл “жакшы” деген баанын баллынан кем болбоого тийиш. | 29. Повторная сдача экзаменов с целью повышения положительной оценки (только оценки **“хорошо”**) для получения **диплома с отличием** разрешается только на выпускном годе обучения по обоснованному (мотивированному) представлению руководителя факультета (института, высшей школы, колледжа) **и не более чем по двум дисциплинам**. Все вопросы такой пересдачи экзаменов должны быть решены **не позже чем за месяц до начала заседания государственной аттестационной комиссии** образовательной организации.<br>Если итоговая аттестация проводится в форме “зачёта” и оценивается по 100 балльной системе, то для получения диплома с отличием балл за “зачёт” должен быть не ниже балла, соответствующего оценке “хорошо”. |
| 4.10. Аккредитацияланган билим берүү программаларынын бүтүрүүчүлөрүнө каалоосу боюнча Diploma Supplement акы төлөнүүчү негизде берилиши мүмкүн. | 4.10. Выпускникам аккредитованных образовательных программ по их желанию может быть выдан Diploma Supplement на платной основе. |
| 4.11. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялык сынактан же бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоодон “канааттандырарлык эмес” деген баа алган, ошондой эле ага катышпаган бүтүрүүчүлөр окуудан чыгарылат. | 4.11. Выпускники, получившие оценку «неудовлетворительно» на итоговых государственных аттестационных испытаниях или защите выпускной квалификационной работы, а также не явившиеся на них, подлежат отчислению. |
| 4.12. Негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнү аяктаган, бирок жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын бир же бир нече сыноосун тапшыруу учурунда ЖКББ/ОКББнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык даярдыгынын деңгээлин тастыктай албаган бүтүрүүчүлөр билим берүү уюмуна кайра калыбына келтирилген учурда, аларга ушул жободо белгиленген тартипте жыйынтыктоочу | 4.12. Выпускникам, завершившим освоение основной образовательной программы, но не подтвердившим уровень подготовки в соответствии с требованиями государственного образовательного стандарта ВПО/СПО при сдаче одного или нескольких итоговых государственных аттестационных испытаний, при восстановлении в образовательной организации предоставляется |

| | |
|---|---|
| аттестациялык сыноолорду кайра тапшыруу мүмкүнчүлүгү берилет.<br><br>Эгерде студент бүтүрүүчү окуу жылында академиялык карыздарынын натыйжасында жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын академиялык кредитине катталбай калса, ал кийинки окуу жылынын башында тиешелүү академиялык кредитке катталууга укуктуу. Минималдуу контингент талаптарына жооп берген билим берүү багытынын (адистигинин) агымы үчүн кийинки окуу жылынын күзгү семестринде жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация бекитилген графикке (жадыбалга) ылайык өткөрүлүшү мүмкүн. Мындай учурда бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо боюнча мурунку окуу жылында түзүлгөн комиссиянын курамы сакталат.<br><br>Эгерде кайрадан өткөрүлүүчү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоо түрүндө жүргүзүлсө, анда бүтүрүүчү ЖКББ/ОКББ уюмунун окуу планында белгиленген мөөнөттө жаңы тема боюнча бүтүрүүчү квалификациялык ишти аткарууга милдеттүү.<br>Бүтүрүүчү квалификациялык иштин темасы жана тапшырмасы бүтүрүүчүгө ишти аткаруу үчүн белгиленген мөөнөт (квалификация алдындагы практика же коргоо күнүнө чейин кеминде 8 апта болушу мүмкүн) башталганга чейин кеминде 10 календардык күн мурда бекитилип, берилет.<br><br>Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга **катышпай** калган бүтүрүүчү **үч жыл ичинде мурда бекитилген темасы актуалдуулугун жоготпогон** учурда квалификациялык ишти коргоого мүмкүнчүлүк берилет. Теманын актуалдуулугу тиешелүү кафедра/бөлүм тарабынан аныкталат. Көрсөтүлгөн мөөнөт өткөн учурда бүтүрүүчү квалификациялык иштин темасы жаңылапып, ушул жободогу белгиленген тартипте кайра бекитилет. | возможность повторной сдачи итоговых аттестационных испытаний в порядке, установленном настоящим положением.<br>Если студент в выпускном учебном году вследствие наличия академических задолженностей не был зарегистрирован на академический кредит итоговой государственной аттестации, ему предоставляется право зарегистрироваться на соответствующий академический кредит в начале следующего учебного года. Для потока по направлению подготовки (специальности), численность обучающихся которого соответствует установленным минимальным требованиям, итоговая государственная аттестация может быть организована в осеннем семестре следующего учебного года в соответствии с утвержденным графиком (расписанием). В этом случае сохраняется состав комиссии по проведению итоговой государственной аттестации выпускников, сформированный в предыдущем учебном году.<br>В случае проведения повторной итоговой государственной аттестации в форме защиты выпускной квалификационной работы выпускник обязан выполнить выпускную квалификационную работу по новой теме в сроки, установленные учебным планом ВПО/СПО.<br>Тема и задание выпускной квалификационной работы утверждаются и выдаются выпускнику не позднее чем за 10 календарных дней до начала срока выполнения работы (включая преддипломную практику или не менее чем за 8 недель до защиты).<br>Выпускнику, **не участвовавшему** в итоговой государственной аттестации, **в течение трех лет** предоставляется возможность защиты выпускной квалификационной работы **при условии сохранения актуальности ранее утвержденной темы.** Актуальность темы определяется соответствующей кафедрой/отделением. По истечении указанного срока тема выпускной квалификационной работы подлежит обновлению и |

| | |
|---|---|
| | повторному утверждению в установленном порядке настоящего положения. |
| 4.13. Жыйынтыктоочу аттестациялык сынактарды кайра тапшыруу биринчи аракеттен кийин **үч айдан эрте эмес жана беш жылдан кеч эмес** жүргүзүлөт. Кайталап тапшыруу **эки жолудан ашык дайындалбайт.** Оң бааны жогорулатуу максатында кайра тапшырууга жол берилбейт. | 4.13. Повторная сдача итоговых аттестационных испытаний проводится **не ранее чем через три месяца и не позднее пяти лет** после первой попытки. Повторная сдача допускается **не более двух раз**. Повторная сдача с целью повышения положительной оценки не допускается. |
